*DOI:10.26104/NNTIK.2023.69.21.047*

*Токтакун кызы Г.*

# НОТАРИАЛДЫК ИШ-АРАКЕТТЕР ЖАРАНДЫК ЮРИСДИКЦИЯНЫН ОБЪЕКТИСИ КАТАРЫ

*Токтакун кызы Г.*

# НОТАРИАЛЬНАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ КАК ОБЪЕКТ ГРАЖДАНСКОЙ ЮРИСДИКЦИИ

*Toktakun kyzy G.*

# NOTARY ACTIVITY AS AN OBJECT OF CIVIL JURISDICTION

*УДК: 347.961*

*Сунушталган макаланын негизги мазмуну мыйзамга белгилүү болгон нотариалдык аракеттерди (функцияларды) укуктук жөнгө салуу маселелерин кароодон жана аларды ишке ашыруунун тажрыйбасын жалпылоого негизделген. Изилдөө нотариустун жарандык юрисдикциянын жалпы системасына оптималдуу киргизүүнүн теориялык негиздерин иштеп чыгуу максатын көздөйт. Кыргыз Республикасынын Конституциясы укуктук мамлекетти калыптандырууну коомдун өнүгүүсүнүн негизги багыты катары бекиткен. Анын алкагында жарандын укуктук статусун жана анын укуктарын талаптагыдай ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн кепилдөө маселелери аныкталат. Аларды ишке ашырууну камсыз кылууга жөндөмдүү механизмдерди мамлекет түзүүсү жана өнүктүрүүсү шарт. Бул механизмдердин аракети ар кандай юридикалык институттардын иштеши аркылуу ишке ашырылат, алардын арасында нотариус олуттуу роль ойнойт. Нотариат органдардын ишинде, ошондой эле сотто жарандык процесстик ченемдер чоң мааниге ээ, алар туура жана андан кем эмес мааниге ээ. Нотариалдык иш-аракеттердин функциялары – өзүнүн колдонуу мүнөзүнө, өзгөчө курамына жана маанисине жараша дайыма процесстик формада ишке ашырылуучу укук коргоо ишинин бир түрү болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *жарандык процесс, нотариус, нотариалдык иш-аракет, жаран, юрисдикция, нотариалдык округ, укуктук система, мамлекет.*

*Основное содержание предлагаемой статьи основано на рассмотрении известных закону вопросов правового регулирования нотариальных действий (функций) и обобщении опыта их осуществления. Целью исследования является разработка теоретических основ оптимального включения нотариуса в общую систему гражданской юрисдикции. Конституция Кыргызской Республики утвердила формирование правового государства как основное направление развития общества. В его рамках определяются вопросы обеспечения правового статуса гражданина и возможности надлежащей реализации его прав. Государству необходимо создавать и развивать механизмы, способные обеспечить их реализацию. Действие этих механизмов осуществляется посредством работы различных правовых институтов, среди которых значительную роль играет нотариус. В работе нотариальных органов, как и в суде, большое значение имеют правила гражданского процесса, они правильны и не менее важны. Функции нотариальной деятельности представляют собой вид правоохранительной деятельности, которая всегда осуществляется в процессуальной форме в зависимости от характера ее использования, специального состава и значения.*

***Ключевые слова:*** *гражданский процесс, нотариус, нотариальное действие, гражданин, юрисдикция, нотариальный округ, правовая система, государство*

*The main content of the proposed article is based on consideration of issues of legal regulation of notarial actions (functions) known to the law and generalization of experience in their implementation. The purpose of the study is to develop the theoretical foundations for the optimal inclusion of a notary in the general system of civil jurisdiction. The Constitution of the Kyrgyz Republic approved the formation of the rule of law as the main direction of development of society. Within its framework, issues of ensuring the legal status of a citizen and the possibility of proper implementation of his rights are determined. The state needs to create and develop mechanisms capable of ensuring their implementation. The operation of these mechanisms is carried out through the work of various legal institutions, among which the notary plays a significant role. In the work of notarial authorities, as in court, the rules of civil procedure are of great importance; they are correct and no less important. The functions of notarial activity are a type of law enforcement activity, which is always carried out in a procedural form, depending on the nature of its use, special composition and meaning.*

***Key words:*** *civil process, notary, notarial action, citizen, jurisdiction, notarial district, legal system, state*

Нотариат – жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону ишке ашыруучу укук коргоочу юрисдикциялуу органдардын катарына кошулат.

Азыркы учурда коомдо укуктук мамлекетти түзүү, жарандардын укук жана милдеттерин, мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого байланыштуу алгылыктуу шарттарды түзүүгө аракеттер болуп жатат. Нотариаттын укуктук ишмердүүлүк теориясы көрсөткөндөй, заманбап укуктук, демократиялык мамлекетте жарандардын, адамдардын конституциялык укук жана эркиндиктери мамлекет тарбынан камсыздалып, корголуусу шарт. Ушул өңүттөн алып караганда ар бир өлкөнүн мыйзамдарды өркүндөтүү процесси жана укук колдонуу практикасы жарандык коом институттарын, ошондой эле, нотариаттын ролун жогорулатуу жана өнүктүрүү менен тыгыз байланыштуу [1].

Тарыхый жактан алганда, нотариустун генезиси жарандык жүгүртүүнүн өнүгүшү менен, анын катышуучуларына бүтүмдөрдү жасоодо жана алардын аракеттерин укуктук жактан бекемдөөдө, алардын укуктарын коргоодо көмөк көрсөтүүнүн объективдүү зарылчылыгы менен байланышкан. Нотариус ар кандай укук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп

саналат. Ал мамлекетке өзүнүн укук коргоо жана сот-түк юрисдикциялык функцияларын ийгиликтүү ишке ашырууга мүмкүндүк берет

Нотариат бул – негизги милдети болуп талашсыз укуктарды жана фактыларды күбөлөндүрүү, дагы башка нотариалдык аракеттерди жасоо болуп эсептелген мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын системасы. Бул системага:

а) мамлекеттик жана жеке нотариалык конторалар;

б) нотариалдык контораларга жатпаган калктуу пункттардагы аткаруу бийлигинин органдары;

в) консулдук мекемелер кирет.

Нотариаттын негизги органдарынан болуп нотариус эсептелет. Аларга мыйзамдын 4-беренесинин негизинде өзгөчө талаптар коюлган. Буга ылайык жогорку юридикалык билими, юридикалык адистик боюнча кеминде үч жылдык стажы бар, мамлекеттик же жеке нотариустарда алты айлык стажировкадан өткөн, квалификациялык экзамен тапшырган, жеке нотариалдык иш жүргүзүү укугуна лицензиясы болгон Кыргыз Республикасынын жараны жеке нотариус боло алат. Стажировкадан өтүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат. Мамлекеттик нотариус мамлекеттик кызматчы болуп эсептелет [2].

Нотариалдык ишти жүргүзүүгө төмөнкү адамдарга жол берилбейт:

- мыйзамда белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп таанылган;

- атайлап жасаган кылмыштары үчүн соттуулугу барлар, анысы алынып салындыбы же жоюлдубу ага карабастан.

Нотариустар нотариалдык иш-аракеттерин жасашканда бирдей укуктарга ээ жана бирдей жоопкерчиликтерди тартышат. Мамлекеттик жана жеке нотариустар тариздеген документтер бирдей юридикалык күчкө ээ. Нотариустар нотариалдык палаталарды түзүүгө укуктуу. Нотариустун укуктары жана милдеттери мыйзам менен аныкталат.

Муну менен катар, мыйзамда, нотариустардын жасоочу аракеттерине чектөөлөр да коюлган, мыйзамга ылайык нотариустун ишиндеги чектөөлөр.

- ишкердик кылууга жана нотариалдык, илимий жана окутуучулук иштерден башка иштерди жасоого;

- келишимдерди түзүүдө арачылык кызмат көрсөтүүгө;

- өз атына же өзүнүн атынан, жубайынын анын жана өзүнүн туугандарынын (ата-энелеринин, балдарынын, неберелеринин, ага-инилеринин, эже-сиңдилеринин, чон ата, чон энелеринин, таята-таенелеринин) атына жана алардын атынан нотариалдык аракеттерди жасоого;

Аталган нотариалдык кеңсенин кызматкерлеринин, нотариус менен эмгектик мамиледе турган кызматкерлердин атына жана алардын атынан нотариалдык аракеттерди жасоого укуксуз.

Нотариустар жана нотариалдык аракеттерди жасоочу башка кызмат адамдары да бул аракеттердин сырын сактоого милдеттүү. Ар бир нотариус мыйзамга ылайык, белгилүү бир аймактын нотариалдык округдун чегинде аракеттенүүгө тийиш. Мыйзамга ылайык нотариалдык округ (нотариустун иштөөчү аймагы) Кыргыз Республикасындагы административдик-аймактык бөлүнүштөргө ылайык белгиленет. Райондук же башка административдик бөлүктөргө бөлүнгөн шаарларда, ошол райондун бүткүл аймагы нотариалдык округ болуп саналат [3].

Нотариус нотариалдык иш-аракеттерди жасоо үчүн нотариалдык округдун чегинде анын орду болууга тийиш. Нотариалдык округ Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин чечими менен өзгөртүлүшү мүмкүн. Мыйзамдын 34-беренесинде каралгандан башка учурларда, ар бир жаран нотариалдык аракеттерди жасоо үчүн ар кандай нотариуска кайрылууга укуктуу.

Нотариус тарабынан, ушул берененин алтынчы бөлүгүндө каралган учурда, өзүнүн нотариалдык округунун чегинен тышкары аймакта нотариалдык аракетти жасашы, ал аракетти анык эмес деп табууга негиз болбойт. Башка нотариалдык округда, ошол мезгилде нотариус жок болгон учурда мурас калтыруучунун катуу ооруп калгандыгына байланыштуу анын мурасын күбөлөндүрүү үчүн ошол нотариалдык округка барууга укуктуу.

Жеке нотариустардын санына чек коюлбайт. Кыргыз Республикасында Мамлекеттик нотариалдык кеңселер Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлиги тарабынан ачылат жана жоюлат.

Мамлекеттик нотариалдык кеңселердин штаттары мамалекеттик нотариалдык конторалар үчүн белгиленген штаттын жана эмгек акы фондусунун чегинде Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлиги тарабынан бекитилет. Мамлекеттик нотариус кызматына дайындоо жана ал кызматтан бошотуу Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлиги тарабынан жүргүзүлөт.

Жеке нотариалдык кеңселер нотариалдык ишке укук берген лицензиясы бар адамдар тарабынан ачылат. Жекече нотариалдык кенсени каттоо кеңсе ачкан адамдын арызы боюнча Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлиги тарабынан жүргүзүлөт. Каттоо күбөлүгү арыз түшкөн учурдан тартып 15 күндүк мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлиги тарабынан берилет. Жекече нотариалдык кеңсени каттоодон баш тартууга жол берилбейт. Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлиги берилген каттоо күбөлүгү жөнүндө нотариустун иш

орду жайгашкан жердеги салык инспекциясына билдирет. Каттоо күбөлүгүндө нотариустун нотариалдык округу жана анын жумуш орду жайгашкан дареги көрсөтүлөт. Нотариус мыйзамда каралган тартипте тийиштүү укуктарга ээ болот жана милдеттенмелерди аткарат, ошондой эле жоопкерчилике да тартылат [4].

Нотариустун негизги укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- нотариалдык аракеттер жасалуучу орду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде аныкталгандан башка учурларда, өзүнө кайрылган жеке жана юридикалык жактардын кызыкчылыгында мыйзамда каралган нотариалдык аракеттерди жасоого;
- бүтүмдөрдүн, арыздардын жана башка документтердин долбоорлорун түзүүгө, документтердин көчүрмөлөрүн жана алардан көчүрүп жазып алууларды даярдоого, ошондой эле, нотариалдык аракеттерди жасоо маселелери боюнча түшүндүрмө берүүгө;
- жеке жана юридикалык жактардан нотариалдык иш-аракеттерди жасоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана документтерди суратып алат. Көрсөтүлгөн адамдар маалыматтарды жана документтерди (анын ичинде кошумчаларды) алар келип түшкөн учурдан тартып он күндөн кечиктирбестен берүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында нотариуска башка да укуктар берилиши да мүмкүн.

Нотариустун негизги милдеттери төмөндөгүлөр:

- жеке жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоодо аларга көмөк көрсөтүүнү жүзөгө ашырууга;
- аларга укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүүгө, юридикалык жагын билбөө аларга зыян келтирбеши үчүн жасалып жаткан нотариалдык аракеттердин натыйжасы тууралуу эскертүүгө, алар жасап жаткан нотариалдык аракеттердин келечек натыйжалары жөнүндө эскертүүгө;
- өзүнүн кесиптик иштерин жүзөгө ашырууга байланыштуу, анын ичинде мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, ыйгарым укуктарын өткөрүп бергенде же бошотулганда ага белгилүү болгон маалыматтарды купуя сактоого;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына же мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелинген эл аралык келишимдерге ылайык келбеген учурларда, нотариалдык аракеттерди жасоодон баш тартууга милдеттүү.

Нотариус өз милдетин мыйзамга, Кыргыз Республикасынын башка укуктук-ченемдик актыларына ылайык аткарат. Эгерде нотариалдык аракеттердин жасалышына байланыштуу нотариуска карата кылмыш-жаза иши козголсо, сот аны сырды сактоо милдетинен бошотушу мүмкүн.

Нотариус Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен каралган учурларда, мурас же белек тартибинде жарандардын менчигине өтүүчү мүлктөн, мүлктүн наркы тууралуу тиешелүү салыкты эсептеп чыгаруу үчүн салык органы маалымат берүүгө милдеттүү. Нотариустар жана нотариалдык аракеттерди жасоого ыйгарым укуктуу башка адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келген аракеттерди жасаган учурда, мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат. Нотариус жасалган нотариалдык аракет жөнүндө маалыматтарды атайылап ачыкка чыгарса, соттун чечими боюнча ушунун натыйжасында келтирилген зыяндын ордун толтурууга милдеттүү. Эгерде зыянды башка тартипте өндүрүү мүмкүн болбосо, башка учурларда зыяндын орду нотариус тарабынан толтурулат.

**Жыйынтык.** Нотариалдык мекеме жарандарга, коомго жана мамлекетке карата кеңири ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат. Нотариалдык иш-аракеттерге байланышкан маселелер өтө көп эмгекти талап кылат, бул анын мыйзамдык базасынын татаалдыгы жана көр кырдуулугу менен байланышкан. Экономикалык мамилелерди трансформациялоо процессинин, административдик жана соттук реформалардын узак убакытка созулуп кетиши, мамлекеттик-укуктук курулуштун комплекстүү, тең салмактуу концепциясынын жоктугу ата мекендик нотариустун ишине кошумча кыйынчылыктарды алып келүүдө. Албетте, жарандык жүгүртүүнүн кеңейиши, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин артыкчылыктуулугу анын ролун бир топ жогорулатат [5].

Нотариустун маңызын жана социалдык баалуулугун терең түшүнүү ата мекендик укуктук маданиятты, жарандардын жана кызмат адамдарынын укуктук аң-сезимин өнүктүрүүнүн маанилүү фактору болуп саналат. Учурда мамлекетте жүргүзүлүп жаткан укуктук реформалар колдонуудагы укуктук институттарды түп-тамырынан бери өзгөртүүгө жана адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун сапаттык жаңы укуктук кепилдиктерин түзүүгө багытталган. Демек, мамлекеттин алдында жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргогон орган катары нотариусту уюштурууну жана ишин башка нерселер менен бирге жакшыртуу милдети турат. Россия Федерациясынын нотариат жөнүндө мыйзамдарынын негиздери жаңы россиялык нотариаттын өнүгүшүнө түрткү берип, ага жеке юридикалык чөйрөдө иштеген мамлекеттик юридикалык мекеме статусун берди. Азыркы учурда нотариус жеке жана коомдук кызыкчылыктарды: укуктары нотариус тарабынан корголуучу конкреттүү адамдын жеке кызыкчылыгын жана талаптарды аткарууга багытталган мамлекеттин

жана коомдун коомдук кызыкчылыктарын, мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин мыйзам менен айкалыштырган уникалдуу укуктук мүнөздөгү мекеме болуп саналат [6].

Нотариус мамлекет тарабынан берилген адамдын жана жарандын укуктарын коргоо боюнча эң маанилүү функцияны гана аткарбастан, жарандык жүгүртүү жана кыймылсыз мүлк менен бүтүмдөр сыяктуу коомдун маанилүү чөйрөлөрүндө мыйзам талаптарынын сакталышын көзөмөлдөөнү да камсыздайт. Ишинин коомдук мүнөзгө ээ болгондугуна карабастан, мамлекеттик органдардын тутумуна кирбейт. Ошондуктан нотариустун субъективдүү укуктарын коргоо жарандык коомдун жашоосунун эң маанилүү принцибинин бири бул – анын мамлекеттен автономия, мамлекеттик органдардын жана алардын кызмат адамдарынын негизсиз кийлигишүүсүз иштөө болуп саналат. Нотариустун жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу боюнча мамлекеттик функцияны аткаруусу анын коомдогу социалдык ролун ошого жараша аныктайт.

Автордун пикири боюнча нотариустун ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга жана укуктук-уюштуруучулук негиздерин өркүндөтүүгө багытталган ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу зарылдыгын баса белгилейт.

**Адабияттар:**

1. Токтакун кызы Г. Кыргыз Республикасында нотариат институтунун түшүнүгү жана укуктук табияты // ОшМУ жарчысы. – Ош, 2023. - 373-б.
2. Кыргыз Республикасынын Нотариат жөнүндөгү мыйзамы (1998-ж 30-май).
3. Сатыбеков С.С. Кыргыз Республикасынын жарандык-процесстик укугу. - Бишкек, 2012. - 442-444-бб.
4. Кыргыз Республикасынын жарандык-процесстик кодекси 29.12.1999-ж. - №146.
5. Долгов М.А. Институт нотариата в Российском государстве: историко-правовое исследование. / Дисс. на соиск. уч. степ. к.ю.н. - Москва, 2005. - С. 9-13.
6. Каширин И.Н. Нотариат в правовой системе Российской Федерации. / Дисс. на соиск. уч. степ. к.ю.н. - М., 2005. - С. 21.
7. Токтакун кызы Г. Структура и функции института нотариата в Кыргызстане. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2023. №.1. - С. 166-169.